DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА № 5, 2019

*Курманкулов Ш.Ж., Раева Ч.Т.*

# МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИНИН ИННОВАЦИЯЛЫК ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ ЖЫШТЫГЫ

*Курманкулов Ш.Ж., Раева Ч.Т.*

# ЧАСТОТА ПРИМЕНЕНИЯ ИННОВАЦИОННЫХ МЕТОДОВ УЧИТЕЛЯМИ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШКОЛ

***Sh.J. Kurmankulov, Ch.T. Raeva***

# FREQUENCY OF APPLICATION OF INNOVATIVE METHODS BY TEACHERS OF SECONDARY SCHOOLS

*УДК: 72.853. (575.2)(043.3)*

*Азыркы мезгилде окуучулардын таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, өз билимин өнүктүрүүсүн, өзүн-өзү башкара билүүсүн калыптандыруучу жана өздүк рефлексиясын пайда кылууда интерактивдүү, инновациялык методдор кеңири колдонула баштаганыны айтылган. Ошондой эле интерактивдүү ыкмалар менен иштөө окуучулардын дивергенттик ой жүгүртүүлөргө шарт түзүүсү белгиленген. Жаңы муундагы билим берүү стандарттын талабына ылайык окутуу үчүн салттуу окутуу ыкмалары менен биргеликте инновациялык ыкмаларды ылайыгына карата жараша колдонуу өз жемишин бериши мүмкүн экени айтылып бул макалада жаңы муундагы стандарттын талабына ылайык окутуунун ийгиликтүү жолу катары “салттуу” жана “инновациялык” ыкмаларды айкалыштыра колдоно билүү экендиги белгиленди жана учурдагы мектеп мугалимдеринин инновациялык ыкмаларды колдонуу жыштыгы аныкталды.*

***Негизги сөздөр:** билим берүү системасы, окутуунун технологиясы, жаңы парадигма, инновация, компетенттүүлүк, интерактивдүүлүк, өз алдынчалык, оптималдаштыруу, салттуу окутуу, активдүүлүк.*

*В настоящее время широко применяются интерактивные и инновационные методы, развивающие познавательную способность учащихся, а также данные методы способствуют формированию навыков самоконтроля и создают саморефлексию. Здесь также отмечено, что работая интерактивными методами можно создать условие для дивергентного мышления учащихся. Указана возможность получения эффективных результатов при параллельном применении инновационных методов обучения наряду с традиционными методами для обучения учебных материалов в соответствии с образовательным стандартом нового поколения. При этом отмечено, что слияние «инновационных» и «традиционных» методов в виде комбинации – это как успешный путь при обучении в соответствии с новым стандартом и определена частота применения инновационных способов учителями школ.*

***Ключевые слова:** система образования, технология обучения, новая парадигма, инновация, компетентность, интерактивность, самостоятельность, оптимизация, традиционное обучение, активность.*

*At the present time, interactive and innovative methods are being widely used. These methods develop cognitive ability of students, as well as promote formation of self-control skills and create self-reflection. It is also noted that a condition for divergent thinking of students can be created by using interactive methods. The possibility of obtaining efficient results by simultaneous application of innovative teaching methods together with traditional methods in accordance with educational standard of new generation was shown. It is also indicated that merging of innovative and traditional methods in the form of combination is the successful way for teaching according to new standard; also, the frequency of using the innovative methods by schoolteachers was determined.*

***Key words:** education system, learning technology, new paradigm, innovation, competence, interactivity, independence, optimization, traditional learning, activity.*

Билим берүүнүн мазмунунун, мүнөзүнүн жана максатынын өзгөрүүгө муктаж болушу, заман талабына ылайык адамдардын эркин өнүүгү мүмкүнчүлүгүн түзүүгө, чыгармачылык демилгени пайда кылууга, өз алдынча өнүгүүгө, мобилдүү болууга жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө негизделгенден келип чыгууда. Ушундай бир топ жаңы көз караштардын негизинде азыркы мезгилдеги дүйнөлүк коомдо окутуунун жаңы парадигмалары пайда болгон. Жаңы парадигмалардын жаралышы окуу процессин жүргүзүүдө, аны уюштурууда дагы жаңы көз караштардын керектигин көрсөттү.

Билим берүү жана илим министрлиги «Кыргызстандагы билим берүү системасынын 2020-жылга чейинки өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарын жана концептуалдык негиздерин» - кабыл алды. Мындагы реформалоонун негизги өзөгүндө төмөнкү принцип орун алды: «Мектеп баланы турмуштагы жашоого даярдап гана токтоп калбастан, бала өзүнүн мүмкүнчүлүгүн баалоого, түшүнүүгө жетишип, мектептик чөйрөдө жашоо менен окуучулук компетенттүүлүгүн калыптандырып, алган билимин окуу ишинде гана эмес социалдык турмушта, кесиптик иштерде колдоно ала тургандай багытта» – болуусу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



керек экендиги белгиленди [1]. Куруп жаткан коомубуздун социалдык талабы дагы өзгөрдү, мында жаңы муундагы жаштар өзүнүн позициясы бар, өзүн-өзү башкарган, авторитардык үстөмдүктү моюн албаган, өзүнө-өзү кожоюн, эркин ойлонгон, суверендүү, ошону менен ыймандуу, абийирдүү, уяттуу, жоопкерчиликтүү, ар-намыстуу, этномаданияты жогору болгон инсан болуусу керек. Бир сөз менен айтканда бала мектеп үчүн эмес, мектеп бала үчүн түзүлүш керектиги айтылды. Бул чечим билим берүү системасынын өзгөрүү зарылдыгынын бышып жетилгенинен маалымат берет.

Бул проблеманы көрсөтүлгөн макаланын автору мындай мүнөздөгөн [2]: - «Ачуу чындык катары айтсам, билим берүү тармагы суверендүү мамлекет болгондон кийинки 20 жылдын аралыгында өлкөбүздүн тиреги болор, өз ата-мекенин, эне-тилин, өз кесибин сүйгөн акыл-эстүү, адеп-ыймандуу жаш муунду эмес, башка тилди, башка өлкөнү, башка маданиятты жактырган, улуттук дөөлөттөргө текебер мамиле жасаган муунду өстүрдү» - дейт.

Билим берүү системасын жакшыртуу зарылдыгына карата экспрезидент Р. Отунбаева [3]: - «Бир балага кичинесинен 1 доллар инвестиция салсак, 7-8 доллар үнөмдөйт экенбиз. Ошондуктан жаш муундардын келечегин эртереек ойлонуу зарыл» - деп белгилеген.

Коомдун өзгөрүшүнө карата билим берүү системасында жаңылануyга багыт алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Билим берүүнүн дүйнөлүк стандартына жетишүүгө жооп бергендей билим берүү процессин демократиялаштыруунун, гумандаштыруунун муктаждыктары, жаңы педагогикалык багыттын мүдөөлөрүн окутуу практикасында жаңы инновациялык методдорду колдонуу өктөм зарылдык катары алдынкы планга чыкты [4,5].

Инновациялык технологияны колдонуу төмөнкү 2 жаңы нерсеге киришүүгө негизделет [6]:

- билим берүүнүн оптималдаштыруу шартын уюштуруу багытында;
- билим берүү мазмунун жаңылоо жана сапатын көтөрүү методикасынын багытында.

Азыркы мезгилде окуучулардын таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, өз билимин өнүктүрүүсүн, өзүн-өзү башкара билүүсүн калыптандыруучу жана өздүк рефлексиясын пайда кылууда интерактивдүү, инновациялык методдор кеңири колдонула баштаганына күбө болуудабыз. Интерактивдүү ыкмалар менен иштөөдө окуучулар, өз алдынча иштөөгө киришип, кандайдыр бир проблемаларды талкуулап жатып, аны чечүүнүн жолу жалгыз эмес экендиги боюнча дивергенттик ой жүгүртүүлөргө баруу менен проблеманы чечүүнү үйрөнүшүүдө. Мында алар өз көз карашы менен башкалардын ой-пикири менен салыштыруусун жана өзүнүн туура ой-пикирде экендигин далилдөө аракеттеринин жүрүшүн көрүүгө болот [7].

Биздин оюбузча жаңы муундагы билим берүү стандарттын талабына ылайык окутуу үчүн салттуу окутуу ыкмалары менен биргеликте инновациялык ыкмаларды ылайыгына карата жарыша колдонуу өз жемишин бериши мүмкүн. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартындагы *универсалдуу* (негизги, чечүүчү) компетенттүүлүктүн үч негизги элементери болгон: маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өз ишин уюштура билүү жана маселени чече билүү бөлүктөрүнүн чечмелөөсүн анализдеп көрсөк алардын бардыгында окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө басым жасалган. Ошонун негизинде жаңы муундагы стандарттын талабына ылайык окутуунун эшиги – бул окуучуларды, ар кандай окутуунун технологиясын колдонуунун натыйжасында аларды өз алдынча окуганга үйрөтүү деген ишенимге келдик.

Бүгүнкү күндө салттуу ыкмаларды колдонгон мугалимдер көпчүлүктү түзүшөт жана аны жактоочулардын саны дагы арбын, ошол эле учурда инновациялык ыкма салттуу окутуу ыкмаларын сүрүп чыгаруусу керек деген пикирдеги ойлор илимий макалаларда жарыяланып жатканы маалым. Биздин оюбузча жаңы муундагы стандарттын талабына ылайык окутуунун ийгиликтүү жолу бул "*салттуу"* жана *"инновациялык*" ыкмаларды айкалыштыра колдоно билүүгө жетишүү деген пикирдебиз. Мына ушул багыттагы иштердин акыбалы кандай деңгээлде жолго коюлганын билүү максатында, инновациялык ыкмалардын кандай колдонулуп жатканын билүү үчүн аныктоочу эксперименттерди жүргүздүк.

Сурамжылоого Талас облусунун Талас, Бакай-Ата, Кара-Бура, Манас райондорунун жана Талас шаарынын табигый-математикалык предметтерден сабак берген 173 мугалим катышты. Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү математиктер болушту-60, анткени мектептерде математиктер көпчүлүк мугалимдер болушат. Ал эми калган предметниктер болжол менен бири бирине барабар болушту физиктер - 29, биологдор - 28, химиктер - 30, географтар - 26. Мугалимдердин иш аракети менен таанышуу максатында түшүндүрмөсү менен төмөнкү суроо бланкасынын жардамы (1-таблицада берилди) менен сурамжылоо жүргүздүк.

***Суроо***. *Кайсы инновациялык (жаңы) ыкмаларды колдонуп жүрөсүз жана кандай деңгээлде? Колдонгон инновациялык ыкмалардын аталышы 1-столбикке коюлат, таасир этүү даражасы 1,2,3,4,5 цифрасы менен 2-столбикке коюлат. Эгерде:* ***«5» – абдан***

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***көп колдоном, «4» - жакшы эле колдоном, «3» - кээде гана колдоном, «2» - өтө аз, анча-мынча гана колдоном, «1» - колдонбойм, колдонсомбу деп ойлойм.***

*1-таблица*

**Инновациялык ыкмаларды колдонуу маалыматын билүү боюнча суроо бланкасы**

| № | Колдонулуучу инновациялык ыкмалар аталыштары | Колдонуу белгиси | Колдонуу деңгээли |
|---|---|---|---|
| 1. | Венндин диаграммасы | | |
| 2. | Блумдун таксономиясы | | |
| 3. | Инсерт | | |
| 4. | Мозаика | | |
| 5. | Чечимдер дарагы | | |
| 6. | Старттык эксперимент | | |
| 7. | Белл-Ланкестрдын методу | | |
| 8. | Сократтын суроо менен окутуу методу | | |
| 9. | Галлерея | | |
| 10. | Синквейн | | |
| 11. | Өз көз карашыңды ээле же ой-пикир щкаласы | | |
| 12. | Билем, билгим келет, билдим | | |
| 13. | Ачык жана жабык суроолор, Блумдун таажы гүлү. | | |
| 14. | Кластер | | |
| 15. | Эки бөлүктүү күндөлүк | | |
| 16. | Программалап окутуу | | |
| 17. | Долбоорлоп окутуу | | |
| 18. | Проблемалык же сынчыл ойлом окутуусу | | |
| 19. | Мээге чабуул ыкмасы же акыл чабуулу. | | |
| 20. | Эвристикалык метод | | |
| 21. | Биргелешип пландаштырып окутуу ыкмасы | | |
| 22. | Семинар же презентация сабагы | | |
| 23. | ПАМО ыкмасы | | |
| 24. | Дискуссия методу | | |
| 25. | | | |
| 26. | | | |
| 27. | | | |

***Эскертүү:*** *Жазылгандардан башка аталыштагы колдонуп жүргөн ыкмалар болсо аларды астында калтырылган бош графага жазгыла.*

Сурамжыланган суроонун бардык райондор жана Талас шаарынын мугалимдеринин берген маалыматы 2-таблицада берилди, ал эми алардын рейтинги 3-таблицада, колдонуу жыштыгы 4-таблицада берилди. Эскермедеги жазуу боюнча сурамжылоо баракчасында көрсөтүлбөгөн аталыштары, мугалимдер өздөрү колдонуп жүргөн ыкмалары тууралуу эч кандай маалымат берилген жок. Демек мугалимдер таблицада аталгандан тышкаркы ыкмаларды колдонуп жүргөн мугалим жок экендиги маалым болду.

*2-таблица*

**Инновациялык ыкмаларды колдонуу жыштыгы.**

| № | Колдонулуучу инновациялык ыкмалар аталыштары | Райондор, Талас шаары жана алардын жалпы саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Райондор жана шаар** | **Т-р** | **Б-А** | **К-Б** | **М-р** | **Т-ш** | **ЖС** |
| 1. | Венндин диаграммасы. | 3 | 7 | 9 | 3 | 2 | **24** |
| 2. | Блумдун таксономиясы. | 2 | 2 | 2 | 2 | | **8** |
| 3. | Инсерт. | 3 | 1 | 2 | **4** | | **10** |
| 4. | Мозаика. | 2 | - | - | 3 | | **5** |
| 5. | Чечимдер дарагы. | 4 | 2 | 7 | 3 | 1 | **17** |
| 6. | Старттык эксперимент. | - | 3 | 1 | 2 | | **6** |
| 7. | Белл-Ланкестрдын методу. | - | 2 | - | - | | **2** |
| 8. | Сократтын суроо менен окутуу методу. | - | - | 4 | 1 | 1 | **6** |
| 9. | Галлерея. | 4 | 2 | 8 | 1 | 2 | **17** |
| 10. | Синквейн. | 9 | **12** | **20** | **4** | 3 | **48** |
| 11. | Өз көз карашыңды ээле же ой-пикир шкаласы. | 1 | 2 | 1 | 2 | 1 | **7** |
| 12. | Билем, билгим келет, билдим. | 10 | 8 | 7 | 3 | 2 | **30** |
| 13. | Ачык, жабык суроолор, Блумдун таажы гүлү. | 2 | 3 | 3 | 3 | 3 | **14** |
| 14. | Кластер. | **15** | **13** | **25** | **4** | **5** | **62** |
| 15. | Эки бөлүктүү күндөлүк. | - | 4 | 2 | - | - | **6** |
| 16. | Программалап окутуу. | 6 | 4 | 2 | 2 | 3 | **17** |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 17. | Долбоорлоп окутуу. | 2 | - | 2 | 1 | 1 | **6** |
| 18. | Проблемалык же сынчыл ойлом окутуусу. | - | 2 | - | - | 2 | **4** |
| 19. | Мээге чабуул ыкмасы же акыл чабуулу. | **13** | **10** | **15** | **4** | **7** | **44** |
| 20. | Эвристикалык метод. | - | - | - | - | 3 | **3** |
| 21. | Биргелешип пландаштырып окутуу ыкмасы. | 6 | 3 | 2 | 3 | **5** | **19** |
| 22. | Семинар же презентация сабагы. | 9 | 4 | 11 | 2 | 2 | **28** |
| 23. | ПАМО ыкмасы. | 1 | - | 1 | - | - | **2** |
| 24. | Дискуссия методу. | **11** | 5 | 3 | 1 | 2 | **22** |
| | | 103 | 89 | 127 | 48 | 45 | **539** |

Талас районунун мугалимдери үчүн «класстер», «акыл чабуулу» жана «дискуссия» методдору лидерлик позицияны ээлесе, Бакай-Ата районунун мугалимдери үчүн «класстер», «синквейн» жана «акыл чабуулу», кара-Бура районунда «класстер», «синквейн» жана «акыл чабуулу» болсо, Манас районунда «инсерт», «синквейн», «акыл чабуулу» жана «класстер» алдыңкы позицияда болушту. Ал эми Талас шаарынын мугалимдери «акыл чабуулу», «класстер» жана «биргелешип окутуу ыкмасы» аталыштарды көп колдонулушу билинди. Ондон ашык мугалим колдонгон ыкмалардын колдонуу рейтинги 3-таблицада берилди. Бардык райондор боюнча жалпы сандык (ЖС) жыйынтык чыгара турган болсок лидерлик позицияны «класстер», «синквейн» жана «акыл чабуулу» ыкмасы экендиги көрүндү.

*3-таблица*

**Инновациялык методдордун колдонуу рейтинги**

| № | **Таасир этүүчү иш аракеттердин аталышы** | **Райондор, Талас шаары жана алардын жалпы саны** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Колдонулуучу инновациялык ыкмалар аталыштары** | Т.р | БА | КБ | Мр | Т.ш | ЖС |
| 1. | Класстер | **15** | **13** | **25** | **4** | **5** | **62** |
| 2. | Синквейн | **9** | **12** | **20** | **4** | **3** | **48** |
| 3. | Мээге чабуул ыкмасы же акыл чабуулу. | **13** | **10** | **15** | **4** | **7** | **44** |
| 4. | Билем, билгим келет, билдим | **10** | **8** | **7** | **3** | **2** | **30** |
| 5. | Семинар же презентация сабагы | **9** | **4** | **11** | **2** | **2** | **28** |
| 6. | Венндин диаграммасы | **3** | **7** | **9** | **3** | **2** | **24** |
| 7. | Дискуссия методу | **11** | **5** | **3** | **1** | **2** | **22** |
| 8. | Биргелешип пландаштырып окутуу ыкмасы | **6** | **3** | **2** | **3** | **5** | **19** |
| 9. | Чечимдер дарагы | **4** | **2** | **7** | **3** | **1** | **17** |
| 10. | Программалап окутуу | **6** | **4** | **2** | **2** | **3** | **17** |
| 11. | Галлерея | **4** | **2** | **8** | **1** | **2** | **17** |
| 12. | Инсерт | **3** | **1** | **2** | **4** | | **10** |

Ар бир мугалимдин канча түрдүү ыкмаларды өздөштүрүүгө болгон ынтызарлыгын билүү максатында ыкмалардын кодонуу жыштыгын аныктадык (4-таблица). Мугалимдер негизинен 3төн-6 га чейинки ыкманы колдоном деген мугалимдер көпчүлүк болушту. Андан ашык ыкмасын колдонгон мугалимдер улам-улам азайып олтурушту. Тогуз санынан көп ыкманы колдоном деген мугалимдердин саны кескин азайган. Бул көрүнүш мугалимдердин айтуусу боюнча чыныгы канча ыкманы өздөштүргөнүн так аныктоого мүмкүн болгон жок. Сурамжылоого катышкан 49 мугалим инновациялык ыкмалар менен тааныштыгы жок болуп чыкты б.а. алар эч кандай ыкмаларды колдонбойт. Алар жалпы сурамжылоого катышкандардын санынын 28,3 пайызын, башкача айтканда үчтөн бирин түзүштү.

Корутундулап айта турган болсок, азырынча мектеп мугалимдери инновациялык ыкмаларды кеңири колдонууга өтө элек экендигин айтууга болот. Инновациялык ыкмалар салттуу окутууга айкалышуу маселеси иштиктүү орун ала элек десек болот.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*4-таблица*

**Мугалимдердин инновациялык ыкмаларды колдонуу жыштыгы**

| Колдонгон ыкманын саны | Колдонгон мугалим саны | Колдонгон ыкманын саны | Колдонгон мугалим саны | Колдонгон ыкманын саны | Колдонгон мугалим саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | - | 9 | 11 | 17 | 3 |
| 2 | - | 10 | 4 | 18 | 1 |
| 3 | 16 | 11 | 4 | 19 | 2 |
| 4 | 14 | 12 | 3 | 20 | 1 |
| 5 | 16 | 13 | - | 21 | - |
| 6 | 15 | 14 | 2 | 22 | 1 |
| 7 | 11 | 15 | 3 | 23 | - |
| 8 | 13 | 16 | 4 | 24 | - |

**Адабияттар:**

1. Концептуальные основы и стратегические направления развития системы образования Кыргызстана до 2020 года. / Кут билим. - №27. – 2011.
2. Талиева К. Этнопедагогика жана тарых: абалы жана келечеги. / КАО Жарчысы №3. - Бишкек, 2013. - 8-9-бб.
3. Медералиев Г. Билим кербени. / Кут билим, №12. - 2013. - 3-б.
4. Байгазиев С., Исаев Б. Интерактивдүү окутуунун усулдары. - Бишкек, 2002.
5. Урбетис П., Валентинов В. Интерактивные методы обучения. // «Учитель», 2004. - №5.
6. Баялиева Э.Ж. Инновационные технологии и методы обучения в образовании. // Вестник КГУ имени И.Арабаева. - 2013. - 221-224 стр.
7. Биймурсаева Б.М., Бейшеналиева Ч.Ч., Өмүралиева М.И. Математиканы окутууда интерактивдүү методдун мазмуну, максаты жана милдеттери. / ЖАГУ Жарчысы - №1. - 1-бөлүм. - 2012. - 25-28-бб.